УДК 342.41
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-417-424

**Иминов А.Ж.**
аспирант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Iminov.aybek@mail.ru

# КЫРГЫЗСТАНДА ДИНИЙ КЫРДААЛДЫ КОНТРОЛДООНУН МЫЙЗАМДЫК НЕГИЗДЕМЕСИ

**Аннотация:** Макалада диний чөйрөнү контролдоонун негизги механизми катары мыйзамдык жана конституциялык негиздер тууралуу маалымат берилет. Ар бир өлкө өзүнүн жарандарынын коопсуздугун сактоо аракети ичинде болот. Динге болгон муктаждыкта канааттандыруу, колдоо жана коргоо максатында болсо ар кандай мыйзам иштеп чыгат жана ошол мыйзам аркылуу абалды контролдоого аракет жасайт. Мындай аракеттер Кыргыз Республикасында да калыпка түшкөн жана бүгүнкү күндө макалада каралган материалдарда белгиленген принциптердин алкагында аткарылат.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, диний чөйрө, көзөмөл, мыйзам, укук, негиздеме.

**Иминов А.Ж.**
аспирант
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г.Бишкек
Iminov.aybek@mail.ru

# ПРАВОВАЯ ОСНОВА КОНТРОЛЯ РЕЛИГИОЗНОЙ СИТУАЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация:** В статье представлена информация о правовых и конституционных основах как основном механизме контроля религиозной сферы, а также о том, что каждая страна старается защитить безопасность своих граждан. Чтобы удовлетворить, поддержать и защитить потребность в религии, он разрабатывает различные законы и пытается с помощью этого закона контролировать ситуацию. Подобные действия осуществляются в рамках принципов, установленных в Кыргызской Республике и сегодня в материалах, рассмотренных в статье.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, религиозная сфера, контроль, закон, право, обоснование.

**Iminov A.J.**
graduate student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c
Iminov.aybek@mail.ru

# LEGAL BASIS FOR CONTROL OF THE RELIGIOUS SITUATION IN KYRGYZSTAN

**Abstract:** The article provides information about the legal and constitutional framework as the main mechanism for controlling the religious situation, as well as the fact that each country tries to protect the safety of its citizens. To satisfy, support and protect the need for religion, he develops various laws and tries to control the situation with the help of this law. Such actions are carried out within the framework of the principles established in the Kyrgyz Republic and today in the materials discussed in the article.

**Key words:** Kyrgyzstan, religious situation, control, law, right, justification.

Кыргыз Республикасында көп конфессионалдуу мейкиндиктин өнүгүшүнө таасирин тийгизген мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелердин өнүгүшүнүн бир нече этаптары бар.

Алардын биринчиси – мамлекетте демократиянын негизинде дин менен мамилесин түптөп, ылайыктуу мамлекеттин пайдубалын курууга багыт алган.

Экинчи этапта өлкөдө диний уюмдарга жана ошондой эле динге карата, мамлекетте жүргүзүлө турган саясый жолдордун нормативдик укуктук базасы түзүлгөн. Бул абалдын эң эле мыкты үлгүсү, 1993-жылдын 5-майында *Кыргыз Республикасынын Конституциясынын* кабыл алынышы деп айта алабыз. 2008-жылдын 31-декабрында "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" Мыйзамынын кабыл алынышы дагы буга бир мисал боло алат. Демек мамлекет диний уюмдар менен алгачкы мамилесин, дин тутуу эркиндиги боюнча мыйзам кабыл алуу менен расмий түрдө жарыялап, бекемдеп алган.

Мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелердин өнүгүшүнүн үчүнчү этабында - мамлекеттик-конфессиялык мамилелерди калыптандыруу жана өнүктүрүү, бардык жарандардын анын ичинде динге ишенген жана ишенбегендердин кызыкчылыктарын ар тараптуу коргоо боюнча чечимдерди иштеп чыгуу жана бекитүү менен мамлекеттик саясаттын диний чөйрөдөгү кырдаалга активдүү таасир этүү процессинин башталышы байкалат. Дин жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу жападан жалгыз 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы түзүлгөн.

Төртүнчү этапта – мамлекет-дин мамилелеринин калыптанышын, мамлекеттик бийлик органдары менен диний бирикмелердин ортосундагы мамилелердин абалын, максаттын мазмунун, принциптерин жана бул багыттагы милдеттердин негизги биримдигин бирдиктүү түшүнүү зарылчылыгы келип чыккан. Муну менен утурлай коомдун диний жана светтик катмарларынын кызыкчылыктарын эске алуу да өзгөчө каралган. Көп конфессиялуу коомдун конструктивдүү өнүгүшүнө тоскоол болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн мыйзамдагы боштуктарды жоюу керектиги каралып ага карата тийиштүү чаралар көрүлүшү керектиги белгиленген [1].

Негизги табылгалар

2013-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү дин маселелерин жөнгө салуу боюнча активдүү иш алып барууда, ал 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында жана Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин чечимдеринде чагылдырылган (2014-жылдын 3-февраль жана 3-ноябрындагы чечимдери).

Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин 2014-жылдын 3-февралындагы жыйынында дин саясатын төрт негизги багыт боюнча ыкчам реформалоо чечими кабыл алынган. Ал көрсөтмөлөр төмөнкүдөй болгон:

1) диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын концепциясын иштеп чыгуу;

2) мамлекеттик органдарга функционалдык талдоо жүргүзүү жана алардын ишин реформалоо;

3) Кыргызстан Мусулмандарынын Дин Башкармалыгынын (КМДБ) ишин реформалоо;

4) дин маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү даярдоо. Жогоруда көрсөтүлгөн иштердин жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин 2014-жылдын 3-ноябрындагы жыйынында Кыргыз Республикасынын 2014-2020-жылдарга диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы бекитилип, Жарлык менен бекитилген. Кыргыз Республикасынын Президентинин ошол эле жылдын 14-ноябрында сүйлөгөн сөзүндө да бул пикир камтылган.

Бул документ өлкөдөгү диний саясатты реформалоонун негизги принциптерин жана башкы багыттарын көрсөтүп турат. Кыргыз Республикасынын Президентинин жогоруда аталган Жарлыгын ишке ашыруу максатында “2015-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы жөнүндө” Жарлык менен кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-июлундагы № 315-б токтому [2] мына ушул жарлыкты негиз алат. 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатын түшүнүүнүн үч негизги багыты төмөнкүлөр болуп саналат:

1. Диний уюмдардын ишин мамлекет тарабынан жөнгө салуу жана көзөмөлдөө;

2. Диний билим берүү менен бирге дин таануу багытында жол көрсөтүү, багыт берүүнү мамлекеттик көзөмөлгө өткөрүп берүү;

3. Диний радикализм ошондой эле диний экстремизм сыяктуу коoптуу көрүнүштөрдү болтурбоо багытында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу [3].

Кыргызстанда экстремизм көйгөйүнүн актуалдуу болушу исламий чакырыктарга жамынып, тымызын иштерди жүргүзүп жаткан жихадчылардын үгүттөөсүнөн гана эмес, калктын радикалдашуусуна да байланыштуу. Кыргызстандын жарандарынын *жакынкы жана ортоңку чыгыштагы* куралдуу кагылышууларга катышуу үчүн чыгып өлкөдөн кетиши тынчсыздануну жаратууда. Мындан тышкары, мындай жарандар тынчтыкта өмүр сүргөн жарандардын жашоосуна коoптуу болгон жана өлүм алып келген террордук актылардан да четте калган эмес. Демек, коомчулукта экстремизм жана терроризмдин жайылышына каршы күрөшүүчү ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү зарылдыгы тууралуу талкуу жүрүп жаткандыктан [5], бул багытта алгылыктуу иштер жүрүп жатканын айтсак жетиштүү.

Кыргыз Республикасы диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун 2014-2020-жылдар аралыгына карата концепциясын иштеп чыккан, ошол саясатты ишке ашыруунун алкагында бир катар багыттар боюнча иштер башталды. Мисал катары, диний бирикмелердин бухгалтердик эсебинин жөнөкөйлөштүрүлгөнү жана бул жагдайда өз ишин мыйзамсыз жүргүзгөн бирикмелердин санынын кыскарганын айтууга болот [3].

Мындан башка; диний мекемелердин диний чөйрөсүн өркүндөтүү жана аларды Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана адам укуктарынын эл аралык стандарттарына ылайык келтирүү боюнча жасалган аракеттер; мамлекеттик органдар менен диний бирикмелердин, анын ичинде конфессиялар аралык кеңештин жана башка эксперттик кеңештердин ортосунда түзүлгөн туруктуу диалогдук аянтчалар; Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы менен биргеликте дин кызматкерлерин аттестациялоо системасын түзүү жана алардын квалификациясын жогорулатуу иштери; диний билим берүү системасын иштетүүнүн негиздери

түзүлдү, диний жаатта билим берген мекемелер системалаштырылды, билим берүүнүн мазмунуна жана аларды материалдык-техникалык жактан камсыздоого талаптарды иштеп чыгып, нормаларын бекитүү процесси башталган; Кыргыз Республикасынын дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик мекемесинин потенциалы бекемделип, экспертизанын деңгээли жогорулатылды. Эл аралык кызматташуу уюштурулду, аймактарда өкүлчүлүк кызматтары түзүлдү, дин маселелерин кырдаалга жараша изилдөө борбору түзүлдү; укуктук сабаттуулукту жогорулатуу жана диний негиздеги чыр-чатактарды болтурбоо максатында калк арасында агартуу жана алдын алуу иш-чаралары жүргүзүлүп жатат жана мындан ары да улантылат [3].

2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясын ишке ашырууну баалоонун жыйынтыгы боюнча бул концепциянын негиздүүлүгүн сактоо; көйгөйлөрдүн жана тобокелдиктердин бири болуп саналат.

Алардын ичинен эң көп талкууланганы мамлекеттин светтик принцибинин бузулушу. Муну айрым диний лидерлердин жана дин кызматкерлеринин мамлекеттик жана муниципалдык органдардын иштерине кийлигишип, диний факторду саясий ресурс катары колдонуу аракеттери далилдеп турат.

Ошол эле учурда мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер өз милдеттерин аткарууда дайыма эле калыстык принцибин сактай бербейт. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарда кызматтык милдеттерди аткаруунун ордуна диний окууларды жайылтуу тенденциясы байкалууда [3].

Башка көрүнүштөрдө болгондой эле жогоруда айтылган диний кыймылдын күчөшүнүн ички жана тышкы факторлору бар экенин унутпашыбыз керек. Кыргызстандын мисалында, тышкы фактор катары төмөнкүлөр эсептелет: 1) глобалдык конфликттик процесстер; 2) азыркы экстремизмдин жана терроризмдин эл аралык мүнөзүнө өбөлгө түзгөн ааламдашуу жана маалыматтык процесстердин тез темп менен кеңейиши; 3) сырттан келген геосаясий таасирлердин ар тараптуу күчөшү; 4) республиканын туруксуздук жана чыр-чатактар менен мүнөздөлгөн региондорго, конфликттүү өлкөлөрдүн географиялык жактан жакын болушу; 5) Кыргызстандын чет өлкөлүк жарандарынын эсебинен өздөрүнүн социалдык базасын толуктоого экстремисттик уюмдардын кызыкчылыгынын артышы; 6) ишенимдүү болуп болбогондугу такталбаган жана толугу менен изилденбеген чет өлкөлүк диний адабияттардын көбөйүшү [5].

Мындан башка адам ресурстары да аябагандай катуу таасир этүүдө. Мисалы Кыргызстанга миссионердик атын жамынып келген адамдар, кайрымдуулук кылуу, диний имараттарды куруу, билим берүү ж.б.у.с. ишмердүүлүктөрдү аткарып жатышат [5]. Бул да болсо өз кызыкчылыгын колдонууга жана жарандарды башка нерсеге багыттоого мүмкүнчүлүк болуп саналат. Согуш жүрүп жаткан аймактардан Кыргызстанга “кайтып келгендер” да олуттуу коркунуч жаратууда [5] жана калк арасында стереотиптерди күчөтүп, элдин арасында бөлүнүп-жарылууларды пайда кылууда.

Экстремисттик мотивациянын калыптанышына таасир этүүчү ички факторлордон сөз кыла турган болсок; биринчи кезекте, коомдогу саясий, социалдык-экономикалык реформалардын кризиси, саясий күрөштүн курчушу жана динге түздөн-түз байанышы болуп калышында жатат [5]. Натыйжада калктын бир кыйла бөлүгү мамлекеттик функцияларды ишке ашырууга жана коомдук процесстерди башкарууга катышуудан четтетилип калууда. Бул жагдай жарандардын мамлекеттик институттарга болгон ишенимин жоготууга алып келүү менен бирге кылмыштуулукту жана коррупцияны күчөтүшү мүмкүн. Ошол эле учурда экономикалык

кризис, жумушсуздук, улуттар аралык көйгөйлөр күн сайын жарала бериши ыктымал. Анткени азыркы заманбап жана өнүккөн маалымат системасында так маалымат берүүдөн мурда башка адамдарга күнөө койгон (башка диндердин, расанын, улуттун, башка социалдык топтордун өкүлдөрү) бардык көйгөйлөр үчүн Батышты себепчи кылган туура эмес маалыматтар тарап жатат [5].

Диний чөйрөдөгү укуктук ченемдердин жетишсиздиги, укуктук конфликттер, терминдердин жана түшүнүктөрдүн аныктамасындагы боштуктар укук колдонуу практикасында карама-каршылыктарды жаратууда. Диний чөйрөдөгү процесстерди жөнгө салуучу мыйзамдардын таасирине системалуу мониторинг жана баа берүү жок. Жөнгө салуу процесстери болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн динамикасынан артта калууда.

Жарандык иденттүүлүктү түзүүгө багытталган натыйжалуу механизмдин жоктугу иденттүүлүктүн башка формаларынын, анын ичинде диний иденттүүлүктүн үстөмдүгүнө алып келет. Диний сабырсыздык, зордук-зомбулукка чакырыктар, көп аял алууну пропагандалоо, эрте никеге туруу жана башка басмырлоочу көрүнүштөр, ошондой эле диний жамааттар тууралуу стереотиптер айрым коомдук ишмерлер арасында кеңири таралган. Диний окуулардын баалуулугун жана семантикалык мазмунун диний сабырдуулукка жана жарандык жоопкерчиликке үндөгөн заманбап, позитивдүү билдирүүлөргө которо алган адистер жетишсиз.

Көйгөйлөрдүн дагы бири, мамлекеттик окуу жайларда дин тууралуу окутууда теологиялык жана дин таануучулук мамилелердин чаташтырылып жаткандыгында жатат. Ал эми диний окуу жайларга коюлган мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптары так аткарылбай келет. Ошондуктан аларды өркүндөтүү талаптары тыгыз көзөмөлдөнүшү керек. Диний окуу жайларында дин жаатында даярдалган жогорку квалификациялуу кадрлар аз, ошон үчүн дагы диний билим берүү тар чөйрөдө калып кеткен. Кыргызстандагы диний билим берүүгө канааттанбаган жарандар болсо чет өлкөдө диний билимин жогорулатып келишет. А бирок аларды каттоого алуу, ошол эле учурда жүргүзүү жана ким кандай багытта сабак берип жатканын текшерүүнүн системасы түзүлө элек.

Мамлекет менен конфессиялардын ортосунда калыптанып калган мамилелердин системасына жана конституциялык түзүлүшкө коркунуч туудурган радикалдык диний агымдардын жактоочуларынын өлкөгө кирип келүү коркунучу жогору экенин унутпоо керек. Экстремисттик идеялардын жайылуусу, диний сабырсыздык, заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен тарапкерлерди тартуу көнүмүш көрүнүшкө айланып баратат.

Андыктан чечүү жолу катары мыйзам менен контролдоо сунушталышы керек. Учурдагы кырдаалга сереп салуу 2021-2026-жылдарга диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын жаңы концепциясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарылдыгын көрсөттү. Андыктан Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №412 Жарлыгы менен 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы кабыл алынды жана туруктуу өнүктүрүүгө багыт алынды. Бул багыттын артыкчылыгы 2021-2026-жылдарга карата Кыргыз Республикасындагы диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатына карата жазылган концепция, өлкөнүн өнүгүүсүндө диндин да орду бар экенин айтып, диндин ролун ачып берип, диний практиканы жөнгө салуучу мыйзамдык базаны өркүндөтүү үчүн олуттуу негиз түзөт жана башкаруу чараларды кабыл алууга багыт берет [3].

Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырууда төмөнкүдөй принциптер каралат жана сакталат:

1) Мамлекеттин светтик өзгөчөлүгү;

2) Адам укуктары менен эркиндиктерин, мамлекеттик деңгээлде эң жогорку баалуулук катары таануу жана сый көрсөтүү; андан ары бул укук жана эркиндиктерди камсыз кылуу;

3) Динге тийиштүү атрибуттарды колдонууга карата көзөмөлдү уюштуруу жана диний тең укуктуулукту сактоо, диний басмырлоого жол бербөө;

4) Дин тутуу эркиндигин гарантияга алуу максатында, адамдардын (өз алдынча же башкалар менен биргеликте ар кандай дин тутунууу же эч бирин тутпоону да эске алуу менен бирге) диний жана башка ынанымдарды эркин тандоо жана тутуу укуктарын камсыз кылуу;

5) Жарандардын диний же/жана башка ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурлоого тыюу салуу [3]. Мына ушул багыттар сакталганда гана төмөндө талкууга алынган диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттары да ишке ашырылат.

2021-2026-жылдарга карата кабыл алынган жана аткарылышы күтүлүп жаткан, *диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясынын* артыкчылыктуу багыттарына токтоло турган болсок; алардын эң эле биринчиси мамлекеттин светтик жана укуктук негиздерин бекемдөөгө багытталган. Мындан кийин мамлекет менен диндин тагыраак айтканда конфессиялардын ортосундагы мамилеге тийиштүү субъекттердин потенциалын чыңдоо жана ачык-айкын кызматташтык талаасын кеңейтүү эске алынган. Мамилелерди бекемдеген соң, диний сабатсыздыкты жоюуга багытталган диний жана дин таануучулук билим берүү системасын өркүндөтүү этабы башталат. Муну утурлай диний чөйрөдөгү маалыматтык-агартуучулук саясат жүргүзүлөт жана диний сабаттуулук жогорулаган сайын чыр-чатак, өз ара түшүнбөстүктөр азаят деп күтүлөт. Ошентсе да мамлекеттик саясаттын алкагында диний негиздеги чыр-чатактардын алдын алуу процедурасы да каралган.

Кыргыз Республикасында диний бирикмелер мыйзам алдында тең укуктуу, демек мыйзамга ылайык диний уюмдар менен кызматташуунун форма жана чектери да белгиленген. Мына ошол шартта мамлекет диний уюмдар менен кызматташуунун жолун тандайт. Эң негизгиси болсо мамлекет *өзүн кандайдыр бир диний уюмдарга таандык экендигин* жана *ошол диний уюмду туура деп* эсептеген жарандардын санын эске алат. Демек калктын көп сандагы катмарынын кызыкчылыгын алдыга коюп ошол эле уюм менен мамлекет кызматташышы мүмкүн.

Мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелерде тарыхый салттарды жана азыркы шарттарды, ошондой эле дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу менен адамдын жана жарандын эркиндиктерин жана укуктарын натыйжалуу коргоого, коомдун руханий-адептик потенциалын сактоого жана өнүктүрүүгө, Кыргызстандын жарандарынын руханий чөйрөдөгү кызыкчылыктарын ишке ашыруу, ишке ашыруу Кыргыз Республикасында күч-аракет жумшоо, салттуу диний уюмдар аныкталды. Салттуу диний уюмдарды ажыратып көрсөтүү төмөнкүдөй максаттарда жүзөгө ашырылат:

- коомдук бүтүндүктү сактоо, кайра куруу жана өнүктүрүүнүн зарыл шарттарынын бири катары кыргыз элинин салттуу руханий-адептик баалуулуктарын чыңдоо;

- республиканын жарандарынын көпчүлүгүнүн таламдарын эске алуу менен коомдо дин тутуу эркиндигин даңазалаган, динге ишенген адамдардын арасындагы өз ара урматтоо жана баарлашуу чөйрөсүн сактоого салым кошуу [4].

Мындан кийинки баскыч мамлекет менен диндин ортосундагы мамилени жолго салган диндеги салттуу түшүнүк келет. Кыргыз Республикасы бул багытта, салттуулукка каршы келбеген диний уюмдарды төмөнкү себептерге таянып туруп белгилейт. Буга ылайык салттуу дин түшүнүгүн алып жүргөн диний уюмдар катары: Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүнө

жана өнүгүшүнө оң жактан таасир эткен; Кыргызстанда жашаган көп түрдүү элдин, салттуу руханияты жана маданиятынын түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө көмөк көрсөткөн жана өлкөнүн руханий жана маданий мурастарынын бөлүгү болгон; Кыргыз Республикасынын жарандарынын көпчүлүк бөлүгү таандык экендигин жана артыкчылык берген диний бирикме катары өзгөчөлөнө тургандыгы; коомдун Кыргыз Республикасында тынчтыкты жана туруктуулукту сактоого багытталган жаратман жана бириктирүүчү рухий күчү катары чыгышат [4].

Мамлекет кайсыл бир динди салттуу түшүнүккө ылайык деп атайын критерийлер менен белгилеген соң, ал динге тийиштүү уюмдар менен кызматташа турган багыттарды да белгилеп көрсөтөт. Буга ылайык салттуу диний уюмдар:

- коом менен мамлекеттин ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө жана кызматташууга көмөктөшүү, коомдук адептүүлүктү сактоого;
- үй-бүлөнү сактоо менен бирге эне жана бала институттарын колдоп, чыңдаган перспективаларга көңүл буруугa;
- балдарды жана жаштарды руханий-адептик, патриоттук жана укуктук тарбиялоо жагынан билим берүү чөйрөсүнө салым кошууга;
- кылмыштуулукту жоюу, анын алдын алуу, болтурбоо чарасын көрүүгө;
- абактарда жаткан жана жазасын өтөгөн адамдарга кам көрүү жолдорун карап чыгуу жана өнүктүрүүгө;
- инсанды толугу менен изилдөөгө багытталган гуманитардык илимдерди өнүктүрүүгө;
- калктын саламаттыгын сактоодо алдыңкы катарда турууга жана социалдык кызматтардын пландарын иштеп чыгууга;
- мамлекеттин жана салттуу диний уюмдардын катышуусу менен түзүлгөн жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишин жакшыртууга жана коомчулуктун кызыкчылыгын коргогон кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө [4] тийиш.

Кыргыз Республикасында калктын көпчүлүгү сунний багытындагы Исламды жана Христиан дининин Православие багытын карманышат. Ансыз да Ислам дининин Ханафий-Матуридий өзгөчөлүгү жана Христианчылыктын Православие багыты, Кыргызстанда терең тарыхый тамырга ээ жана азыркы учурда республиканын жарандарынын көпчүлүгү артыкчылыктуу мамиле кылышат. Кыргызстанда диндер аралык жана мамлекеттик-конфессиялык мамилелерге тийиштүү маселелер да мына ошол себептен көп учурда салтту дин деген түшүккө дал келген жогоруда аты аталган диний уюмдарга карата мамилесине жараша түзүлөт жана жүргүзүлөт.

Адамдын эркиндиги, анын башка улуттар аралык жана конфессиялар аралык ынтымак мамилеси жана дөөлөтүнө багытталган, жаңыча мамлекеттүүлүктүн калыптанышында жогоруда аты аталган эки диндин багыты татыктуу салымын кошуп келгендиктен, Кыргыз жарандарынын арасындагы мусулмандар менен православдардынөз ара бүтүндүгүн, биримдигин сактоо жана алардын мамилесин андан ары өнүктүрүүгө бардык жактан колдоо көрсөтүү зарыл. Мына ошондо калктын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн тарап менен анын азчылык бөлүгүн түзгөн тараптардын ортосунда адилеттүү мамиле сакталат.

Жыйынтыктап айтканда Кыргыз Республикасында диний кырдаал туруктуу мамлекет тарабынан толук көзөмөлгө алынган. Бирок, диний чөйрөнү жөнгө салган негизи мыйзам тактап айтканда Кыргыз Республикасынындагы Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы учурдун талаптарына ылайык толуктоо, өзгөртүүлөр киргизилүүгө муктаж. 2008-жылдан бери диний чөйрө бир топ өзгөрүп, жаңы заманбап чакырыктар пайда болду.

**Библиографиялык тизме**

1. 2008-жылдын 31-декабрында кабыл алынган "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар" жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
2. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы усулдук китепче "Кыргызстандагы мыйзам негиздери Концепция жана Салттуу Ислам" 2015-ж.
3. 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы.
4. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия усулдук китепче "Мамлекет жана дин" 2016-ж.
5. 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы.
6. Карасартова Ч.Ж., Диний Экстремизмдин Себептери Жана Өзгөчөлүктөрү: Кыргызстандагы Ага Каршы Аракеттенүү Жолдору. – Б. //Вестник КГУ им. И.Арабаева, 2024, №4. – 462-472 бб.

**Рецензент: доктор исторических наук, профессор Курбанова Н.У.**